Устабаева Г.

Ж.Баласагын атындагы КУУ

# К.АРТЫКБАЕВДИН МАКАЛАЛАРЫНДА РЕАЛИЗМ МАСЕЛЕСИНИН КОЗГОЛУШУ

К.Артыкбаев кыргыз адабият таануу илиминде белгилүү адабият-тарыхчысы, изилдөөчү адис катары таанылган. Ал изилдөөгө албаган кыргыздын атактуу жазуучу-акындары калган жок деп айтсак болот. К.Артыкбаев алар тууралуу сөз салганда, далилдүү фактыларга таянуу менен калыс пикирин айтууга аракеттенген. Анткени кыргыз адабият таануу илиминде кай бир адабиятчылардын (макалаларынан баштап, көлөмдүү монографияларына чейин) кыргыз адабиятынын тарыхын бир беткей түшүндүргөн туура эмес көз караштары кездешет. Мындай учурда К.Артыкбаев өзүнүн принципиалдуу көз карашын дайыма ортого салып жүргөн.

1969-жылы К.Бобуловдун «Пути реализма в киргизской прозе» деген монографиясы менен М.Борбугуловдун ошол эле жылы «Ала-Тоо» журналына (№ 1) «Фольклордук идеализациядан турмушту изилдөөгө карай» аттуу көлөмдүү макаласы жарык көргөн.

К.Артыкбаев жогорудагы эки адабиятчынын эмгектеринде келти-рилген бир беткей калпыс ойлорго каршы 1972-жылы 23-мартта «Адабий сыныбыздын актуалдуу маселеси» деген макаласын «Кыргызстан маданияты» газетасына жарыялайт. Андан көп өтпөй, 1973-жылы «Ала-Тоо» журналынын № 11-санынына «Адабият таануубуздун актуалдуу маселеси» деген макаласы жарык көрөт. Макаланын дал ушул варианты талкууга түшкөн. К.Артыкбаев көтөргөн маселе боюнча көрүнүктүү адабиятчылар Ш.Үмөталиев («Ма-селенин методологиялык жактары».// Ала-Тоо, 1974, № 1), К.Кудайбергенов («Алгачкы реалисттик тажрыйбалар кандайча жаралды».//Ала-Тоо, 1974, № 2), А.Садыков («Реализмге тарыхий конкреттүү мамиле болсун».//Ала-Тоо, 1974, № 3), С.Жигитов («Талаштан козголгон ойлор».//Ала-Тоо, 1975, № 1), К.Бобулов («Фольклор жана социалисттик реализм».//Ала-Тоо, 1974, № 5), К.Асаналиев («Маанилүү пробле-маларды козгогондо».//Кыргызстан маданияты, 1975, 27-март) сыяктуу макалаларын жазып чыгышкан.

К.Бобулов өзүнүн жогоруда аталган монографиясында 20-жылдардын жарымынан баштап 40-жылдарга чейинки аралыктагы кыргыз прозасынын өнүгүшүндөгү реализм маселесине кайрылган. Бул тууралуу адабиятчы өзүнүн көз карашын билдирген. К.Баялиновдун «Ажар» повестинде фольклордук сүрөттөө манерасы үстөмдүк кылып турганын белгилей келип, автор көпчүлүк жерлерде каармандардын аттарын гана санап, бирок алардын арасындагы татаал карым-катнаш тууралуу сөз кылбайт дейт (21-бет). Ал эми К.Жантөшевдин «Каныбек» романы накта фольклордук традициянын духунда жазылганын (24-бет), фольклордук стиль А.Током-баевдин аңгеме-повесттеринен, 30-жылдардын аягында жарык көргөн М.Элебаевдин «Узак жолунан», Т.Сыдыкбековдун «Кең-Суу», «Темир» романдарынан көрүнөрүн (93-бет) белгилейт. Ал эми нагыз реализм методундагы чыгарманы ал учурда эч бир жазуучу жарата албаганын белгилей келип, аны иш жүзүнө ашырууда алгачкы кадамды Т.Сыдыкбеков өзүнүн Улуу Ата Мекендик согуш учурунда жазылган «Биздин замандын кишилери» романында жасагандыгын (70-бет) билдирген. Кыргыз адабиятынын 40 жылга жакын өнүгүшүнө мүнөздүү көрүнүштүн бир гана тарабын көрүп, экинчи тарабын танган К.Бобуловду ар тараптан колдоп, адабиятчы М.Борбугулов «Фольклордук идеали-зациядан турмушту изилдөөгө карай» аттуу макаласын жазып чыккан. М.Борбугулов К.Баялиновдун «Ажар», М.Токобаевдин «Кайгылуу Какей», Ж.Бөкөнбаевдин

«Алтын кыз», М.Элебаевдин «Узак жол», Т.Сыдыкбековдун «Темир» сыяктуу чыгармалары реалдуу турмуштук мазмунду чагылтса да, аларда фольклордук метод сакталып турганын (150-бет) белгилейт. Б.а., «Алар турмушту реалисттик метод менен эмес, фольклордук метод менен чагылдырган» (157-бет) деген корутунду чыгарган. Ошону менен катар чыгармадагы образдар «өздөрүнүн жеке белгилери жок схемалуу, абстракттуу фигуралар, …көп учурда фольклордук көтөрүңкү стиль менен, речитатив, макал-лакаптарды кеңири пайдаланышып, жамакталып ыгы жок сөздөр менен шөкөттөлгөн…» (149-бет) деп жазган. Ал эми кыргыз адабиятында нагыз профессионалдуу чыгарма, адабиячынын пикири боюнча, У.Абдукаимовдун «Майдан» романынан жана Ч.Айтма-товдун повесттеринен кийин жаралган. Ушул эле оюн М.Борбугулов 1972-жылы «Дружба народов» журналынын 10-санына «От идеализации к иссле-дованию» аттуу макаласында бекемдеп, андан ары тереңдетип, минтип уланткан: «…Ж.Бөкөнбаевдин «Алтын кыз», Ж.Турусбековдун «Ажал ордуна» музыкалык драмалары, Т.Үмөталиевдин «Айсулуу» поэмасы, Т.Сыдыкбековдун «Темир» романы сыяктуу кыргыз элинин өткөндөгү жана азыркы мезгили жөнүндө жазылып, элге кеңири белгилүү болгон чыгармаларында да фольклордук мотивдер, сюжеттер, сүрөттөө каражаттары пайдаланылган. Мисалы, сүйүү линиясы ушул чыгармалардын бардыгында тең геройдун үйлөнүүсүнүн эпикалык мотивине ылайык өнүк-түрүлөт. Бар болгону буларда алптар, чет жерликтер, баатырлар, каракчылар, башка уруунун өкүлдөрү тап душмандары (байлар, молдолор, чекти бузуучулар, басмачылар, саясий жактан жат элементтер жана башкалар) менен алмаштырылган» (261-262 беттер). Демек, бул эки адабиятчынын мындай пикирлеринен кийин кыргыз совет адабиятында реализм методу 1940-жылдардын экинчи жарымынан кийин, тактап айтканда, Т.Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романынан баштап пайда болсо, профессионалдуу көркөм чыгармаларды У.Абдукаимов жана Ч.Айтматовдор жазышкан деген тыянакка келип такалабыз. Андай болсо, про-фессионалдуу адабиятыбыздын 20-жылдары башталып, 40-жылдарга чейинки жыйырма жылдык өнүгүүсүн кайда алып барабыз?

К.Артыкбаев адабиятчылардын жогорудагы биз тизмектеген ойлоруна кошула албайт. Ошондуктан алардын пикирлеринде кыргыз жазма адабиятынын жаралыш, калыптаныш процессине мүнөздүү тарыхый чындык бурмаланган деп эсептейт. Жогоруда аталган макаласында: «Бизде чети оюла элек, оюлса да жеткиликтүү изилдене элек орчундуу маселелердин бири, менен оюмча, кыргыз совет адабиятында социалистик реализм методунун жаралыш жана өркүндөш процессинин али кеңири жалпылоо планында үйрөнүлбөй жана буга байланыштуу ири жазуучуларыбыздын чыгармачылык, чеберчилик, стилдик өзгөчөлүктөрүнүн терең толук изилденбей жатышы болуп эсептелинет. Буга меселелер боюнча бүгүнкү күндө да айрым бир эки ача, чаташ, бир беткей, ишенимсиз пикирлердин айтылып келаткандыгы белгилүү. *Алсак, кээ бир адабиятчы, сынчыларыбыз 40-жылдарга чейин, тагыраак айтканда, Т.Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романы пайда болгонго чейин кыргыз совет адабиятында фольклордук салттардын таасири, фольклордук стиль өкүм сүрүп келген деген пикирди айтуу менен, «Ажар», «Каныбек», «Узак жол», «Днестр терең денизге куят», «Жараланган жүрөк», «Кең-Суу», «Темир» сыяктуу чыгармаларды, негизинен, фольклордун таасири менен жазылган чыгармалар катары түшүндүрүүгө аракет кылышат»*, - дейт. Автор кыргыз совет адабиятындагы реализм меселесине келгенде оюн: «…алгачкы күндөрдөн тартып кыргыз совет адабиятынын реалисттик жолго түшүүгө аракет-тенгенин, ошондой эле социалистик реализмдин белгилерин жаратууга багыт алып, бул иште эске алууга зарыл болгон тажрыйбаларга ээ болгондугун, демек, фольклордук таасирден башка да жаңы реализмдин белгилеринин акырындап орун-очок алып, тамыр жая баштагандыгын биротоло танып коюуга болбойт», - (130-бет) деп улайт. Анткени реалисттик сүрөттөө, реалисттик ой жүгүртүү ыкмасы жазма адабияттын жаралышы менен кошо эле башталган.

Кыргыз совет адабиятынын өнүгүшүнүн, пайда болушунун өз жолу, өз тарыхы бар. Аны

Октябрь революциясынын жеңишине, совет бийлигинин орноп, жаңы коом түзүлүп, анын кулач жайышына байланыштуу караганыбыз абзел. Мына ушул тарыхый кырдаал оңойго турган жок. Ал канчалаган кан төгүүлөр, жоготуулар менен иш жүзүнө ашкан. Мындай улуу тарыхый чындык кимдир бирөөлөр тарабынан көркөм чыгармадабы же тарыхый документалдуу баян кылыппы, айтор, жазылып, кагаз бетине түшүш керек эле. Алар өздөрү күбө болуп, көздөрү көргөн тарыхый фактыны гана чыгарма кылып жазышмак. Өз учурунда реализм да дал ушул нерсени талап кылган. Ф.Энгельс реализмге «чындыкты деталдуу көрсөтүүдөн башка да, типтүү кырдаалдагы типтүү мүнөздөрдүн чындыгын сүрөттөөнү талап кылат», - деген эң туура аныктаманы берген (5). Ал эми орустун улуу жазуучусу М.Горький: «Адамдарды жана алардын турмуш шарттарын чындыктуу (правдивое) бузбай сүрөттөө реализм деп аталат», - түшүндүргөн (3). Окумуштуу Я.Е.Эльсберг: «Реализм – бул биз турмуштун чындыгын кабыл алуудагы эң эле барып турган жемиштүү, эң башкы… атайын аныкталган метод», - деп жазган (4). Ушул атактуу үч философ, жазуучу, окумуштуунун пикирлерин жалпы-лаштырсак, реализм – бул турмуш чындыгы, типтүү каарман, типтүү тарыхый кырдаал деген түшүнүк келип чыгат. Андай болсо бул үч чындыкты Октябрь революциясына чейинки кыргыз акындарынын чыгармаларынан да кездештиребиз. Реалисттик нуктагы сүрөттөөлөр, өзгөчө, Тоголок Молдо, Токтогул, Барпы сыяктуу акын-дарыбыздан кездешет.

К.Артыкбаев Токтогулдун «Беш каманы» менен А.Токомбаевдин 1925-жылдары жарык көргөн «Кошоевге», «Чалкар – менмин» деген ырларын талдоого алуу менен, алардын жаралыш тарыхына кайрылганы да, негизинен, туура. Эки акындын чыгармаларында тең турмуш чындыгы туура сүрөттөлгөнүн белгилеп келип, К.Артыкбаев алардын мазмунундагы принципиалдуу айырмачылыктарды төмөндөгүчө ажыратат: «Токтогул өзүнүн ырында манаптардын бетин ачып, өзү жашап турган коомду катуу сынга алып, бирок ошол адилетсиздиктен, манаптардын өкүм сүрүп турган бийлигинен ал коомдук шартта кутулуп кетүү мүмкүн эместигин, алар кааласа акынды өлтүрүп кое тургандыгын эскертип, андан кантип элди куткарып алуунун жолун ачык айта албай жатат. Акындын мунусу жеке анын эмес, ошол кездеги кыргыз коомунун чектелгенинен келип чыккан нерсе. Ал эми А.Токомбаев болсо таптакыр башка коомду, социалдык теңсиздиктин түпкү тамыры шылкылдап, кыйрай баштаган кезде, адилет теңчил совет бийлигинин келечектүүлүгүнө терең ишенүү менен анын душмандарына каршы жалпы элдик күрөш күч алган кезде өзүнүн ырын жазгандыктан, мында ал чүмбөттөлгөн эл душмандарынын бетин ачуу, аларды катуу сынга алуу менен чектелбейт. Тап душмандары убактылуу «ийгиликке» жетип, лирикалык каарман сыяктуу бирин-экин адамдардан өч алган күндө да, баары бир алардын алыс узай албастыгына А.Токомбаев ишенет» (1). Автор эки доордо, эки коомдо, эки башкача көз караштагы акындардын ырларындагы окшоштукту жана айырмачылыкты изилдөөгө алуу менен, кыргыз адабиятынын өнүгүшүндө революцияга чейин жана совет бийлиги орногон мезгилден кийин жазылган чыгармаларда реалисттик сүрөттөөлөр орун ала баштагандыгын далилдеген. Ошондой эле учурдун чындыгын келечектин көзү менен карай алгандык, революциячыл күрөшүүчү дух, тарыхый чындык А.Токомбаевдин аталган ырларынан өзгөчө көрүнгөнүн баса белгилеген. К.Артыкбаев мындай көз карашы менен Токтогулдун жашаган дооруна караганда А.Токомбаевдин ырларынан реалисттик көз караштын жаңы өнүмдөрү пайда болгонун көрсөтүүгө аракеттенген. Ошону менен бирге Токтогулдун элдин келечеги үчүн жергиликтүү бай-манаптардын эзүүсүнө каршы ырдаган ыры үчүн акынды ал кезде ким көрдү кылып жок кылып коюуга да, же алыскы Сибирь жактарга айдатууга мүмкүн эле. Ал үчүн эч ким жазаланмак эмес. Ал эми А.Током-баевдин ырларында социалисттик коомдо бийлик элдин колунда болгондуктан, бийликке акырындап эпчилдик менен кирип алган Р.Кудайкулов («Чалкар менмин») өңдүүлөрдүн арааны жүрүп турганы менен, алардын бардыгы алыс узап кете албай, элдик бийлик тарабынан жазалана тургандыгы публицистикалык стилде ачылып берилген.

Ал эми акындардын чыгар-мачылыгында, өзгөчө, Тоголок Молдо менен Токтогулдун ырларында «образ-дарды, көрүнүштөрдү типтештирип, турмушту туура сүрөттөөсү аркылуу XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы кыргыз оозеки жана кол жазма адабиятында реализмдин негизи түзүлгөнүн» белгилеген адабиятчы М.Богдановanyн (2) бир кездеги пикири

К.Артыкбаевдин козгогон маселесинин актуалдуулугун аныктайт. Демек, көркөм чыгармалардагы реализмдин кандайдыр бир коомдук идеологиянын кысымынан улам эмес, нукура турмуш чындыгынын таасири аркылуу жаралгандыгы факт.

Мындай жаңы багыттагы өсүп-өнүгүүнү К.Артыкбаев кыргыздын алгачкы жаралган прозалык чыгармаларынын мисалында көрсөткөн. Ошондуктан анын жогорудагы пикири оппоненттеринин К.Баялиновдун «Ажар» повестинде реалдуу сүрөттөө жана психологизм жок, 40-жылдарга чейин кыргыз көркөм адабияты фольклордук алкакта гана болгон деген көз караштарына карама-каршы келет. Чындыгында, К.Баялинов «Ажар» повестин жазганга чейин орус жана дүйнө адабияты менен жакындан таанышып, котормо жаатына көп жумшап келген. Ошондон кийин реалисттик жазма адабият кандай болуу керектигин түшүнгөн. Анан барып, бардыгына көзү жеткен соң гана «Ажарды» жазган. Мындай чыгармачылык изденүү кыргыздын ошол кездеги бардык эле акын-жазуучуларына мүнөздүү көрүнүш эле.

К.Баялинов «Ажар» повестинде 1916-жылдагы «Үркүн» окуясындагы кыргыз кызынын тарыхын сүрөттөп берген. Анда К.Баялиновдун жазуучулук деңгээлине жараша тарыхый чындык бир кыйла реалисттик планда сүрөттөлгөн. Повесттин каарманы «Ажар» – жүк бурчунан чыкпаган, энеси Батманын жетегинде жүргөн он беш гана жаштагы кыз. Ал турмуштун татаалдыгын энеси өлүп, Чырдын ырайымсыз чеңгээлине түшкөндөн кийин көрдү. Ошондо балалык кыялы менен өз мекенинде жүргөндө аялдар тууралуу уккан түрдүү окуяларды көз алдына элестетип, аны азыр өзүмдүн турмушумда болсо гана деп эңсейт. Жазуучу айткандай, Ажардын «турмуш жөнүндөгү бар билгени ушул эле». Эми Чырдын үйүнөн качып чыгуудан башка арга калган жок. Ошондо апасынын мүрзөсүнө барып зар какшап ыйлаган Ажардын ушул оор абалы жазуучу тарабынан таасын сүрөттөлгөн. Жазуучу Ажардын туш келген психологиялык кырдаалын ишенимдүү ачып берүүгө жетишкен. Мындан психологизмди талап кылганыбыз реалдуу чындык менен эсептешкендикке жатарын ким да болсо туура түшүнө алат го деп ойлойбуз. Чыгармадагы реалисттик аракеттердин орчундуу чыкканына жараша азыр повесть кыргыз жазма прозасынын тунгуч мыкты үлгүсү болуп бааланып келаткандыгы бекеринен эмес. Бул туурасында К.Артыкбаев төмөн-дөгүдөй аргументтүү тыянагын чыгарат: «Ажардын ошол кездеги бардык абалына, мүмкүнчүлүгүнө карата жазуучунун сүрөттөшү турмуш чындыгын реалдуу элестетүүгө толук негиз берет. Эгерде автор буга кошумча жасалма татаал психологиялык кырдаалды сүрөттөмөк болгондо, сөзсүз, образ жасалмалуулукка, ишеним-сиздикке өтүп кетмек» (142-бет).

Негизинен, «Ажар» – реалисттик нуктагы чыгарма. Ал ошол кездеги жазма адабияттын бардык талаптарына ылайыктуу жазылган. Композициялык түзүлүшү, көркөм сөз каражаттары, образдар, сюжеттик курулуш – бардыгы өз ордунда деп айтууга болот. «Ажарда» фольклордук таасирге караганда, жазма адабияттын мыкты үлгүлөрү көбүрөөк сезилет.

К.Артыкбаев бул 20-жылдары жаралган чыгармаларды иликтөөгө алуу менен, ошол мезгилдеги кыргыз адабиятынын өнүгүшүндө фольклордук таасирлер болуу менен бирге мазмун, формасы жагынан жаңы доордун талабына жараша жаңы искусствону түзгөн чыгармалар пайда болгонун көрсөтөт.

**Адабияттар:**

1. Артыкбаев К. Адабият таануу-буздун актуалдуу маселеси. // Ала-Тоо, 1973. № 11, 139-б.
2. Богданова М.И. О творчестве киргизского народного акына Тоголок Молдо второй половины XIX – начала XX века. – Китепте: Академику В.А.Гор-делевскому к его семи-десятилетью. Сборник статьей. – М.: Изд. АН СССР, 1953, 76-б.
3. Горький М. О том как я учился писать. - Китепте: О литературе. – Москва: Госполитиздат., 1953, 311-б.
4. Эльсберг Я.Е. О бесспор-ном и спорном – Москва: Госполитиздат, 1959, - С. 317
5. Энгельс Ф. Избранные письма – Москва., Госполитиздат., 1947, - С. 405